**ДҮЙШӨНОВ Э.**
*Ж.Баласагын ат. КУУ*

# АКЫЛМАНДУУЛУКТУН БАШАТЫ ЫЙМАНДА

Акылмандуулуктун башаты даанышмандыкта. Адам баласынын жашоо турмушунда, төрөлгөндөн бул дүйнө менен коштошууга чейин көптөгөн проблемаларды чечүү башынан өтөт. Ошол проблемаларды чечүүнүн түйшүгү менен күн батырат, кээ бир учурларда таң атырат. Проблемаларды оң тарапка чечүүнүн "Алиппе" сымал тиреги барбы? Бар болсо, анын маңызы эмнеде? Ушул жерде баарыбыз басып өткөн, "окууну жана жазууну" үйрөнгөн мезгилди эсинерге салайын. А дан Я га чейинки тамгаларды үйрөнүп, андан кийин гана окуганды жана жазганды үйрөнүп, азыркы даражага жетпедикпи. Демек, мындан проблеманын "оң" тарапка чечилишинин жообу – ар бир үй-бүлөөдө "билим коломтосу б.а. билимкана" болушу керек. Үй-бүлөнүн "билимканасынын алиппеси" эмнеден куралат? Анын пайдубалы эмнеден турат? Проблема жетишээрлик. Бирок, проблема оң тарапка чечилиши керек, тескери тарапка чечилиши эч кандай каршылыкты талап кылбайт. Мына ушул учурларда "жуп" категориялар иштейт. Алар: сооп-күнөө, адал-арам, жакшы-жаман, жоомартчылык-ачкөздүк, кайрымдуулук-ташбоордук, мекенчилдик-чыккынчылык ж.б. Мына ушул категориялардын "оң" жана "терс" жактарын келечегибиз болгон жаш муундардын аң-сезимине, акыл-парасатына, туура калыптандырууну "үй-бүлөө коломтосунун "алиппеси"деп түшүнүшүбүз керек, "оң" жана "терс" категориялардын маани-маңызын, айырмачылыктарын жаш муундарга терең рухий баалуулуктар катары жеткизмейин келечектүү, улуттук коом кура албайбыз. Алар көп баскычтуу үй-бүлөө коломтосу, бала бакча, мектеп, ЖОЖ ж.б. Бул баскычтар максатка ылайык пландуу, системалуу иштеген болсо, проблемалардын "оң" тарапка чечилиши эч кандай күмөн-саноону туудурбайт.

Адам баласына Жараткан акыл-эсти, аң-сезимди берген, ааламга керемет көрүнүштөр кубулуштар, байлыктар тартууланса да ага каниет кылып тойбогон, алдым-жуттум, ачкөз, адилетсиз, ууру-кески, жаңжал-жикчил ж.б. ыплас "терс" категориялардан арылуунун жолу- ыймандуулукка, айкөлдккө багыттаган Улуу Жаратуучунун жолуна түшүү, анын бар экендигине ишенүү. Ишенимсиз адам баласы жогоркуда айтылган "терс" көрүнүштөрдөн арыла албайт.

Адам баласы физикалык телодон жана жандан б.а. рух дүйнөсүнөн турат. Рух дүйнөсүнүн ишеними физикалык телонун калыптанышына өнүгүшүнө түздөн-түз байланыштуу. Ошондуктан инсандын руханий байлыгынын башаты Улуу Жаратуучунун бирөө гана экендигине жана анын чыгармачыл дараметине кынтыксыз моюн сунуу. Ошондо гана жан дүйнөң жай-таап, ыракаттанып ар кандай сыноолордон өтүп, улам руханий бийиктиктерди багындырасың.

Инсандын жашоо өмүрү туташ сыноо, карама-каршылыктардын категориясы. Ошондуктан күрөш-сыноодон ийгиликтүү өтүү үчүн жалаң акыл-эске таянсак жетишсиз. Акыл бул тажрыйбадан сабак алган даанышмандыкка багыттайт. Даанышмандыктын бир тиреги катары даражасы- ынтымак менен таразаланат. Ыйман келтирген адам гана үмүт шооласын өчүрбөстөн алга карай жылып, ар кандай тоскоолдуктарды жеңип чыгып, Улуу Жаратуучу аны бир из да көңүлүнөн чыгарбасына ишенет. Ар түрдүү сыноолорду берүү аркылуу ыйманынын даражасын аныктап жатканын түшүнөт. Ыймандуу инсан жашоонун максаты- ыйман келтирүү, сансыз көп сыйлыкка шүгүрчүлүк кылуу жана ибадат амалдарын толук аткаруу менен башка инсандарга таанытуу жолунда күрөшүү.